МАМЛЕКТТИК ТИЛ
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЯЗЫК
OFFICIAL LANGUAGE

***Шаршенова Рысбү Айылчиевна,***
***аспирант,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: Yryssarsenova016@gmail.com***

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ТЕКСТТИ ПАЙДАЛАНУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Шаршенова Рысбү Айылчиевна,***
***аспирант,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: Yryssarsenova016@gmail.com***

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ТЕКСТА ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ

***Sharshenova Rysbu Aiylchievna,***
***Graduate Student,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: Yryssarsenova016@gmail.com***

## SOME QUESTIONS ABOUT THE USE OF TEXT IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

***Аннотация:*** *Бул макалада текстти туура пайдалануу жана тексттердин негизинде көптөгөн тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк билимди кабылдай алынары айтылат. Өзгөчө, тилге жана тарыхка, маданиятка болгон билимин арттырып, өз алдынча анализ жүргүзгөнгө жетишишет. Тексттер (кыскача үзүндүлөр) менен иштөөдө студенттер бардык стилдердин өзгөчөлүктөрүн (сүйлөшүү жана китептик: илимий, илимий-популярдуу, расмий иш, публицистикалык, көркөм) тереңдетишери тууралуу сөз болот.*

***Аннотация:*** *В этой статье говорится, что использование текста позволяет получить множество образовательных и развивающих знаний на основе текстов. В частности, они расширяют свои знания в области языка, истории и культуры и достигают способности к самостоятельному анализу. При работе с текстами (краткими отрывками) студенты углубляют особенности всех стилей (разговорного и книжного: научного, научно-популярного, официально-делового, публицистического, художественного).*

***Annotation****: Using the text in this article allows you to get a lot of educational and developmental knowledge based on texts. In particular, they expand their knowledge in the*

*field of language and history, culture, and are also able to independently analyze. When working with texts (short excerpts), students deepen the features of all styles (conversational and bookish: scientific, popular science, official business, journalistic, artistic).*

***Түйүндүү сөздөр**: диалектикалык мүнөз, көркөм текст, рухий факторлор, инновациялык методдор, текст менен иштөө.*

***Ключевые слова:** диалектический характер, художественный текст, духовные факторы, инновационные методы, работа с текстом.*

***Key words:** dialectical character, artistic text, spiritual factors, innovative methods, working with text.*

**Киришүү**. Тексттин теориясына жана функционалдык стилистикага негизделген тилди өнүктүрүүгө заманбап мамиле – грамматика жана лексика эрежелерин салттуу изилдөөдөн тышкары, өз оюн сабаттуу билдирүүгө, ар кандай коммуникативдик кырдаалдарга жана максаттарга ылайыктуу натыйжалуу тексттерди түзүүгө мүмкүндүк берген комплекстүү сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган. Студенттер жөн гана сүйлөөнү эмес, ички логикага, биримдикке жана бүтүндүккө ээ мазмундуу билдирүүлөрдү курууну үйрөнүшөт. Алар конкреттүү коммуникативдик натыйжага жетүү үчүн композициянын, маалыматты структуралоонун, тилдик каражаттарды колдонуунун принциптерин өздөштүрүшөт. Мындан тышкары, функционалдык стилистиканын алкагында илимий жана расмий-ишкердиктен публицистикалык жана оозеки сүйлөөгө чейинки ар кандай сүйлөө стилдеринин өзгөчөлүктөрү менен таанышышат. Кыргыз тилин үйрөтүүдө текстти колдонуу абдан натыйжалуу болот, өзгөчө окуу, түшүнүү жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү учурунда колдонуу ылайыктуу. Алгач окутуучу негизги аспектилер жана суроолорго жооп таап алуусу керек:

Студенттер үчүн тексттин татаалдыгынын кайсы деңгээли ылайыктуу (башталгыч, орто, терeңдетилген)?

Тексттин кайсы түрүн колдонуу эң жакшы (адабий чыгармалар, жаңылыктар, диалогдор, техникалык тексттер)?

Кайсы тексттин мазмуну студенттердин кызыкчылыктарына жана жаш курагына ылайыктуу?

Текстти колдонууда кандай максаттарды койсо болот (окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, сөз байлыгын кеңейтүү, грамматиканы өркүндөтүү)?

Кандай так милдеттерди чечүү керек (текстти түшүнүүнү текшерүү, маалыматты алуу, тексттин структурасын талдоо)?

Текст аркылуу көндүмдөрдү өнүктүрүү. Текст жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө кандайча жардам берет (композицияларды, эсселерди түзүү, жеке билдирүүлөрдү жазуу)?

Грамматиканы үйрөнүүгө текст кантип жардам берет (грамматикалык түзүлүштөрдү талдоо, тексттен мисалдарды колдонуу)?

Текст менен иштөөнү башка аракеттерге (аудио угуу, видео көрүү) кантип интеграциялоого болот?

Талкууларды, ролдук оюндарды же башка интерактивдүү көнүгүүлөрдү жүргүзүү үчүн текстти кантип колдонсо болот?

«Көркөм текст менен иштөө процессинде окуучулардын лингвистикалык-коммуникациялык компетенциялары калыптанат, сөз жөндөмү өнүгөт, «окуучунун тилдик индивидуалдуулугу» жаралат» [1].

Ааламдашуу учурунда технологиянын жана илимдердин күчөп бараткан доордо улуттун социалдык-маданий салттарын сактоо өзгөчө мааниге ээ, анын олуттуу бөлүгү жаштарга билим берүүдө көрсөтүлүүгө тийиш.

Алардын сөз байлыгын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө текст менен иштөөнүн айрым маселелерине кайрылууда, негизинен, изилдөөчүлөр К.Д. Добаевдин, С. Рысбаевдин, В.И. Мусаеванын ж.б. пикирлерин натыйжалуу деп эсептеп, тиешелүү проблемаларды чечүүдө негиз боло аларын белгилейбиз.

Биз коомдук турмушта материалдык жана рухий факторлордун, адамдардын улуттук маданиятка болгон мамилелеринин кес-

кин өзгөрүшүнүн күчөп бара жаткандыгын байкасак болот.

**Изилдөөнүн максаты**. Колдонулган тексттердин негизинде студенттердин ой жүгүртүүсүн, эркин сүйлөөсүн, активдүүлүгүн, таанып-билүүчүлүгүн калыптандыруу.

**Изилдөөнүн методу**. Көркөм текстке кызыктыруу үчүн заманбап ыкмаларды колдонуу, эмпирикалык методдор, текстке талдоо.

**Негизги мазмуну.** Билим берүүдө жалпы маданий факторлор калктын менталитетин, өлкөнүн социалдык-маданий салттарын чагылдырат; алар маданиятты түзөт, окутуунун жана тарбиялоонун психикалык өзөгү боло алат. Жаштарды дүйнөлүк жана ата мекендик искусствонун жогорку формалары менен тааныштыруу, инсандын сезимдик жана рухий чөйрөсүн калыптандыруу билим берүү менен байланышкан. Ушуга байланыштуу ааламдашуу доорундагы коомдук кайра куруулардын негизинде ата мекендик билим берүүнүн социалдык-маданий өзгөчөлүгүн берүү негизги өзөк болушу абзел.

Тапшырма билим берүү процессинде таанып-билүү, изденүү жана чыгармачылык мамиленин башталышы болуп саналат. Бирок университеттин кыргыз тилин окутуунун практикасында көпчүлүк учурларда студенттин эркин ой жүгүртүүсүнө, логикалуулугуна ылайыкталган эмес, тездик менен иштеле турган тесттик тапшырмалар колдонулат.

Ал эми көркөм текст изилденип жаткан тилдик бирдиктердин жаңы касиеттерин ачып, сүйлөө жөндөмүн өркүндөтүүгө жол ачат. Дидактикалык бирдик катары текст ЖОЖдордо кыргыз тилин үйрөнүүдө эң маанилүү эки багытты бириктирет: тил системасын эске түшүрүү жана баарлашуунун нормаларын жана эрежелерин билүү.

Билим алуучулар жөн гана сүйлөөнү эмес, ички логикага, биримдикке жана бүтүндүккө ээ мазмундуу билдирүүлөрдү курууну үйрөнүшөт. Алар конкреттүү коммуникативдик эффектке жетүү үчүн композициянын, маалыматты структуралоонун, тилдик каражаттарды колдонуунун принциптерин өздөштүрүшөт.

Текст менен иштөөнүн артыкчылыктары:

Контекст: текст тилдик кубулуштарды изилдөө үчүн контекстти камсыз кылат, бул студенттерге алардын чыныгы жашоодо кандайча колдонулгандыгын көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Комплекстүү мамиле: текстти талдоо тилдин ар кандай аспектилерин: грамматиканы, лексиканы, фонетиканы, стилистиканы изилдөөнү интеграциялоого мүмкүндүк берет.

Мотивация: кызыктуу жана актуалдуу тексттер тил үйрөнүүгө түрткү берет.

Тил компетенттүүлүгүн өнүктүрүү: текст менен иштөө окуу, жазуу, сүйлөө жана угуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Функционалдык ыкманы ишке ашыруу:

Текстти тандоо: текст студенттердин билим деңгээлине дал келиши керек.

Тексттер (кыскача үзүндүлөр) менен иштөөдө бардык стилдердин өзгөчөлүктөрүн (сүйлөшүү жана китептик: илимий, илимий-популярдуу, расмий иш, публицистикалык, көркөм) тереңдетишет. Ошондой болсо да, эгерде текстти кыргыз тили сабагында өнүктүрүү каражаты катары карасак, анда конкреттүү материалды тандоодо көркөм адабиятка, публицистикага өзгөчө көңүл буруп, чыгармалардан үзүндүлөрдү алганыбыз туура болот.

Көнүгүүлөрдү аткарууда көркөм текст менен иштөө, этикеттик баарлашуунун типтүү кырдаалдарында сүйлөө, оюн эркин айтуу, көркөм сөз каражаттарын туура колдонуу сыяктуу көндүмдөрдүн болушу зарыл.

Тексттин негизги көркөмдүгү да белгилүү бир тилдик бирдиктердин жардамы менен түзүлөт. Мисалы, көркөм тексттер автордун айтып жаткан нерсеге мамилесин баса белгилеген элементтердин колдонулушу менен мүнөздөлөт: эмоционалдык боёк, лексика, тилдин образдуу жана экспрессивдүү каражаттары, каймана маанидеги сөздөр жана фразеологизмдер аркылуу.

Жаштарга билим менен катар тарбия берүүдө бир топ маселелерди эске алуубуз абзел, мисалга алсак, окумуштуу С. Рысбаев Кыргыз тилин үйрөнүүнүн интенциялары, т.а. тил үйрөнүүчүнүн ички максаттары боюнча мындайча баяндайт: «Окуу-таануу чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет: кыргыз тили сабагы, ал аркылуу баланын туулуп-өскөн мекенин, Кыргыз Республикасын, кыргыздын улуттук баатырларын, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, кыргыздын белгилүү адамдарын таанып-билүү, Кыргызстанда жашаган башка улут өкүлдөрү, баланын окуган мектеби, мектебинин дареги, классы, окуу куралдары, окуу эмгеги, окуткан мугалими, анын аты-жөнү, классташтары, мектептеги достору, окуу предметтери, кыргыз тили сабагы, мектептеги жүрүм-турум эрежелери, коомдук иштерге катышуу, мектеп короосу, андагы оюндар, мектеп бакчасы, окуу чейректери, каникулдар ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул тематикалардагы сүйлөшүү» [2].

Б.О. Корман кандай гана көркөм текст болбосун, канчалык объективдүү көрүнбөсүн, кептин ээси же тексттин автору ар дайым аздыр-көптүр айкын көрүнүп турганын туура белгилейт. «Субъективдүү форманы тандоо дайыма идеялык позиция жана көркөмдүүлүк менен аныкталат. Көркөм чыгарма тирүү организмдин ажырагыс идеялык-көркөм системасы, анда бардык элементтер өз ара аракеттенет жана толук байланышат», – дейт [3].

Тил илиминде «экспрессивдүүлүк» деген түшүнүк бар. Анын көптөгөн аныктамалары бар жана алардын бардыгы түздөн-түз байланыштуу жана эмоционалдуулук, образдуулук, баалоочулук, интенсивдүүлүк сыяктуу категорияларды камтыйт.

Тексттеги экспрессивдүүлүк – тигил же бул мазмундун кандайдыр бир тилдик каражаттар менен бөлүштүрүлүшү десек да болот. Бул экспрессивдүүлүктү түшүнүүнүн классикалык көрүнүшү тууралуу Э.М. Галкина-Федорук: «Экспрессия – айтылган сөздүн экспрессивдүүлүгүнүн, таасир этүүчү күчүнүн жогорулашы. Ал эми сүйлөө жандуу, таасирдүү, терең таасирдүү кылгандын баары... », – деп өз эмгегинде эскерет [4].

Көркөм текст кыргыз тили сабагында тилди окутуу же бышыктоо үчүн гана эмес, ошондой эле өнүгүп жаткан кеп чөйрөсүн түзүү үчүн негиз болуп кызмат кылган методикалык курал болуп саналат. Тил илиминде тексттер тилди өнүктүрүү категориясы катары аныкталат. Тексттин дал ушул сапаты сабактагы кеп чөйрөсүн жасалма эмес, толук табигый кылууга мүмкүндүк берет.

Кандай шарттарда текст өнүккөн кеп чөйрөсүн түзүү үчүн негиз боло алат?

«Текст адабий тилдин жазма вариантында пайда болгон, бар жана өнүгүп келе жаткан формациянын бир түрү экендигин эске алуу керек. Бул вариантта гана графикалык түрдө ачык берилген тексттин бөлүнүшү тилдик туюнтманы аң-сезимдүү иштетүүнүн натыйжасында ачылат. Ушуга байланыштуу биз тилдин жазма жана оозеки варианттарынын ортосундагы айырмачылыктарды аныктоочу ошол маанилүү айырмалоочу белгилерин эске сала кетели»-деп, И.Р. Гальперин өз эмгегинде баса белгилеген [5].

Окутуучу текст менен иштөөдө полиглотко айланышы керек, анда ар бир студент активдүү катышуучу болуп калат. Кыргыз тили сабагында окутуучу менен студенттин биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн атмосферасын түзүү алардын текст менен иштөөгө болгон кызыгуусун туудурат. Бара-бара текстти өзү тапканга аракеттенет. Ал текстке карата кандай тапшырмалар сунушталганы, ал тапшырмалар кандай жөнгө салынганы, аларды ишке ашыруунун ырааттуулугу кандай экендиги менен аныкталат.

Кыргыз тилин окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуунун, аны билүүгө болгон кызыгууну өнүктүрүүнүн каражаты кыргыз тили сабагында адабий текстти максималдуу пайдалануу болуп саналат.

Кепти өнүктүрүүгө заманбап мамиле текст теориясын жана функционалдык стилистиканы терең карап чыгууга негизделген.

Ал грамматика жана лексика эрежелерин үйрөнүүнү гана эмес, ар кандай сүйлөө иш-аракеттерине жана коммуникативдик кырдаалдарга туура келген тексттерди талдоо, куруу жана түзүү көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камтыйт. Ошого карабастан, университеттин гуманитардык эмес адистиктеринин студенттеринин оозеки сүйлөө сапаттарын өркүндөтүү методикасын иштеп чыгуу бир катар себептерден улам методисттер үчүн бир аз кыйынчылыктарды жаратууда.

Тексттерди талдоо жана дискуссия учурунда текстти окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн жакшыртуу үчүн чыгармалардан үзүндүлөрдү талдап, алардын мазмунун, стилин, лексикасын жана грамматикалык конструкцияларын талкуулоого көнүгүшөт.

Андан соң чыгармачылык тапшырмаларга өтөбүз. Кыргыз адабиятынан шыктанган өз тексттерин түзүүнү сунуш кылса болот. Бул очерктер, ырлар, аңгемелер ж.б. болушу мүмкүн, бул алардын кыргыз тилинде жазуу жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Окумуштуу С. Рысбаевдин айтуусунда: «Текстти кайра түзүү жана өркүндөтүү ишмердиги. Бул ишмердик баяндама жазуу менен аткарылат. Көрүнүп тургандай, баяндама, эки түрдө, кадыресе баяндама (тектти кайра түзүү) жана дил баяндын элементин камтыган баяндама (текстти өркүндөтүү) менен ишке ашырылат» [6, с 18].

Ал эми М.Р. Львов риторика боюнча эмгектеринде чечендикти өнүктүрүүнүн негизги аспектиси катары карап, эл алдында сүйлөөнү талдоого басым жасайт. Анын изилдөөлөрү сүйлөөнү натыйжалуу жана ынанымдуу кылган сүйлөө сапаттарын изилдөөгө арналган. М.Р. Львов сөздүн риторикалык аспектилерин гана кароо менен чектелбестен, аудиториянын сүйлөөнү кабыл алуусуна таасир этүүчү психологиялык жана социалдык факторлорду изилдээрин баса белгилеген [7].

М.Р. Львовдон айырмаланып, Л.А. Введенская менен Л.Г. Павлованын эмгектери практикалык багыты менен айырмаланат. Введенская, белгилүү ишкер, коммуникация адиси, кесиптик чөйрөдөгү кептин өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугуна басым жасап, кептин ар кандай стилдери жана ыкмалары белгилүү бир максаттарга кантип салым кошо аларын талдайт [8].

Текст түзүү менен чыгармачылыкты өнүктүрүү: өзүңүздүн тексттерди жазуу, аңгемелерди түзүү, өзүнүн толуктоосу менен кайра окууга болгон каалоону стимулдаштыруу үчүн текст менен иштөө кызыктуу жана активдүү болушу керектигин түшүнүү зарыл. Ар түрдүү көнүгүүлөр, оюндар, долбоорлор, ошондой эле заманбап технологияларды колдонуу кепти өнүктүрүү боюнча сабактарды натыйжалуу жана кызыктуу кылат.

Төмөндө текстти түзүүнүн жана видео, сүрөт менен иштөөнүн ыкмасы келтирилген. «Визуалдык контент» деп аталат (сүрөт-1). Сабактын Визуалдык контент тибинде студенттер сүрөт, видео түрмөктөр аркылуу бат жана кызыгуу менен кабыл алышып, ар түрдүү булактардан изденүүсүнө да шарт түзө алат. Ошону менен бирге ар түрдүү ой жүгүртүүгө, башка бирөөнүн оюн баалоого үйрөнөт. Студенттерди ар тармактуу иштөөгө үндөйт. Мисалы: маалыматтар, бизнестин бардык коммуникацияларынын булактары, сайттар, лендингдер жана соцтармактар.

**Иштөө принциби**. Студенттерди активдүү талкууга тартуу, изилденип жаткан маселени изилдөө, талкууларды уюштуруу, пикир алмашууга үйрөтүү зарыл.

Заманбап мугалим аудиторияда жалгыз спикер болбошу керек, студенттерди кеңешчи, ассистент, эксперт катары көбүрөөк тартуу зарыл. Чыныгы мугалим команданын капитаны эмес, мүчөсү болушу керек. Алар билимди окутуучу уюштурган иш-чаралар аркылуу алышат. Мугалимдин окуу процессине мамилеси, анын чыгармачылыгы, кесипкөйлүгү, ар бир баланын жөндөмдүүлүгүн ачууга умтулуусу – бул негизги ресурс болуп саналат.




*1-сүрөт. «Визуалдык контент»*

**Корутунду**. Кептин тактыгы ачык, так, туура ой жүгүртүү менен байланыштуу. Ойду так туюнткан сөздөрдү чебер тандап алып, колдонуу зарыл. Сөздүн маанисин терең билип, аны чебер колдонуу керек.

Жаштарга билим берүүнүн жана тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү жана дидактикалык куралы катары текст эсептелинет, ал туруктуу окутуу мотивациясын камсыз кылат. Студенттердин окууга оң мотивациясы болгондо гана, тил системасын билүүгө, үйрөнүүгө, аң-сезимдүү ой жүгүртүүгө, үйрөнүлүп жаткан түшүнүктөрдү, иштелип чыккан көндүмдөрдү өз сөзүндө колдонууга эгедер боло алат. Оозеки жана жазма кепти өстүрүү боюнча негиз катары көркөм чыгармалардын текстери дидактикалык курал катары пайдаланылат.

***Адабияттар:***

1. Бахтин, М.М. Проблема текста в лингвистике, филологии и других гуманитарных науках / М.М. Бахтин // Эстетика словесного творчества. – М., 1979. – С. 297-325.
2. Рысбаев С.К. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди үйрөтүүнүн методологиялык негиздери кандай болууга тийиш? // https://www.kao.kg/images/stories/doc/268_071.pdf
3. Корман Б.О. Изучение текста художественного произведения. – Москва, 1972.
4. Галкина-Федорук Е.М. Об экспрессивности и эмоциональности в языке: Сборник статей по языкознанию // Профессору Московского университета академику В.В. Виноградову [в день его 60-летия]. – М., 1958.
5. Гальперин И.Р. Текст как объект лингвистического исследования. – М., 1981.
6. Рысбаев С. К. Жазуу жана сүйлөө ишмердиги, алардын табияты тууралуу. // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – №2 (60). – С. 36-43.
7. Львов М.Р. Риторика. Учебное пособие для учащихся. 10-11-классов. – Москва, 1996. – 256 с.
8. Введенская Л.А., Павлова Л.Г. Культура и искусство речи. Современная риторика. – Ростов-на-Дону: Издательство «Феникс», 1998. – 576 с.

***Рецензиялаган:***
***Токтомаметов А.Д.,***
***педагогика илимдеринин кандидаты***